## Тарбиялык иштер боюнча анализ отчет

## 2021-2022- окуу жылындагы тарбия иштеринин анализи

№ 94 жалпы орто билим берүү мектебинде тарбиялык иштер билим берүү, класстан жана мектептен тышкаркы иштер аркылуу жүргүзүлөт. Мына ушул иш-чаралар тарбия берүүдө сапаттуу иш жүргүзүүгө көмөк болот.

Тарбиялык иштерди уюштуруу жана алып баруу КР нын негизги нормативдик-укуктук актыларынын негизинде жүргүзүлөт: КР Конституциясы, билим берүү жөнүндөгү мыйзам, КР нын балдар жөнүндө Кодекси, балдардын укугу жөнүндө Конвенция, Устав, типтүү жоболор, билим берүү программалары,тарбия иштердин пландары.

Улуттук жана шаардык программалардын негизинде бир жылдык иш- чаралар түзүлүлүп, бекитилди.

№ 94 мектеби Бишкек шаарынын Свердлов районунун ЖӨИ (ИИД) тескөөчүлөрүнүн башчылыгы, өрт коопсуздук башкармалыгы, шаардык патрулдук милициясы, № 10 ҮБДТ менен бир жылдык келишим иш-пландарын бекиттирип чогуу иш жүргүзүлгөн.

Мектеп 1-4-класстар 3-сменге бөлүнүп окуйт. 5-11-класстар 2-сменде окушат.

Ар бир кабинетте башталгыч класстар 3 класс, жогорку класстар 2 ден класс жайгашкан.Ар бир класска класс жетекчи бекитилген.

**Тарбия иштери төмөнкү багытта жүргүзүлөт:**

- Балдардын ден соолугун чыңдоо жана өмүрүн сактоо
- Сергек жашоо мүнөзү
- Патриоттук тарбия берүү
- Ден соолукту чыңдоо, спортко тарбиялоо
- Укук бузуунун алдын – алуу
- Кесипке багыт берүү
- Экологияга тарбиялоо. Айлана – чөйрөнү коргоого тарбиялоо
- Коррупцияга каршы күрөшүү
- Балдардын укугун коргоо
- Зомбулуксуз мектеп

**Тарбиялык иштерди уюштуруунун көпчүлүк бөлүгү класстан тышкаркы иштер аркылуу жүзөгө ашырылат.**

Мектептин окуу жүгүртмөсүнө класстык сааттар коюлуп, класс жетекчиси тарабынан өтүлүп турат. Класстан тышкаркы жүргүзүлүүчү иш-чаралардын болжолдуу темалары окуу жылынын башында кабыл алынып, бекиттирилген. Жыл ичинде мектепте окуучулардын тартиби,тазалыгы,формасы, жетишүүсү, катышуусу көзөмөлдө. Жол эрежелери, өрт жана табигый кырсыктардын коопсуздугун сактоо боюнча класстык сааттар, сабак-лекциялар жана башка ар кандай иш чаралар класс жетекчилер жана дене тарбия мугалимдерине тапшырылган жана талапка ылайык иш жүзүнө ашууда

Мектепте ата-энелер чогулушу боюнча бир жылдык иш планы түзүлгөн . Ар бир чейрек сайын ата-энелер чогулушу өтүлөт .

Даталуу күндөр өз деңгээлинде уюштурулуп: «Билим күнүнө» арналган салтанаты, «Эне тилим сыймыгым» 23- сентябрь мамлекеттик тил күнүнө арналган иш-чара,

«Мугалим–мөмөлүү дарак»салтанаты,«Биз тазашаарүчүн» экологиялык акциясы, жаңы жылды тосуу салтанаттары кызыктуу, жогорку деңгээлде өткөрүлдү. Бул конкурстарга, майрамдарга, акцияларга мугалимдер, окуучулар активдүү катышышты.

**Балдардын ден соолугун чыңдоо жана өмүрүн сактоо:**

Мектепте
Бишкек ШПМ башкармалыгы тарабынан бекитилген патрулдук милициясынын инспектору Тюлегенов И.Э. жана мектептин тарбия завучу Самүдүнова А.Ж ар айда 3 жолу 1-11 класстардын окуучуларына жолдо жүрүү эрежелери жөнүндө лекция окуп турат:

6-сентябрь "Биз жолдо жүрүү жана өрт, техника коопсуздугун сактайбыз аттуу 2-11 класстын класс жетекчилер тарабынан класстык сааттар өтүлүп тааныштырылып кол коюп чыгышты

**Сергек жашоого тарбиялоо**

Сергек жашоого тарбиялоо боюнча окуучулардын санитардык- гигиеналык эрежелерин сакталышы боюнча мектепте ар бир кабинетте ден-соолук бурчу уюштурулган.

1-декабрь "Бүткүл дүйнөлүк ВИЧ-СПИДКЕ каршы күрөшүү күнү" 9-10-11-класстарда тарбиялык сааттар өттү.7-11- класстын окуучуларына мектептин медайымы лекция окуду. ВИЧ-СПИД коркунучтуу дарт экени, кантип сактануу керектиги жөнүндө маалымат берилди.

25-февралдан 4-январга чейинки Бишкек шаарынын мэриясынын буйругунун негизинде "Тамеки түтүнүсүз мектеп" деген темада атайын иш-чара өттү. Бул иш-чаранын алкагында 1-11- класстарга класстык сааттар өтүлүп, лекция окулду жана волейбол боюнча спорттук мелдеш өткөрүлдү. Дубал газеталар чыгарылды.

**Окуучуларды патриоттуулукка, мекенди сүйүүгө, эмгекке тарбиялоо**

4-декабрь "Манас" эпосунун күнүнө карата тарбиялык сааттар өтүлдү

15-февраль Советтик аскерлердин Афганистандан чыгарылганына 33-жыл толгондугуна байланыштуу 11-класстын окуучулары театралдашкан сценка аткарышты. Афган ветераны Ушманов Азаматты конокко чакырып, мектеп администрациясы белек тапшырды.

"Жоокер ыры" конкурсуна 9-в класстын окуучусу Жумакадырова Медина көркөм окуу номинациясы боюнча катышып райондон 1-орунга ээ болду

3-март Кыргыз туусуна 30-жыл толгонуна карата линейка өткөрүлдү.

5-март "Ак калпак" күнүнө карата класстык сааттар өткөрүлдү. "Ак калпак" күнүнө карата уюштурулган шаардык иш-чарага мугалимдер Бокошева Айгерим жана Хайдаров Курманбек катышышты.

Улуу Ата-Мекендик согуштун аяктаганына 77-жыл толгондугуна байланыштуу атайын класстык саатар өткөрүлдү. Чолпонбай Түлөбердиевдин 100 жылдыгына карата 11-класстын окуучулары атайын доклад даярдап, 5-класстардын окуучуларына кирип тарбиялык саат өтүштү.

**Ден соолукту чыңдоо, спортко тарбиялоо**

Мектепте дене тарбия ийримдери: волейбол, футбол, тэквондо бар. Окууучуларыбыз спортко кызыгуу менен көңүл бөлүп ийримдерге активдүү катышышат.

Свердлов райондук ички иштер башкармалыгы уюштурган кичи-футбол мелдешинде мектептин окуучулары 1-орунду алып келишти. Ушундай эле ички иштер башкармалыгынын өткөргөн футбол боюнча 2-орунду ээлешти.

Мектеп лигасында футбол 2-орунду алышты.

№ 21 жергиликтүү башкаруу органы уюштурган мелдеште: пионербол-1 орун; футбол 1-орун; эстафета 1-орун камсыз кылышты.

Волейбол балдар арасында Свердлов району боюнча 2-орун ээлешти.

**Укук бузууну алдын алуу**

Тартиби оор балдар мектеп каттосуна алынды .
Ошондой эле мектепте профилактикалык кеңештин курамы түзүлүп, анын бир жылдык иш планы бекитилген .

Мектеп каттосунда -10 окуучу

ЖӨИ каттоосунда -10 окуучу.

БИБК (ИДД) каттоосуна кылмыштуулугуна карата бөлүнүшүнүн мониторинги

| Баардыгы | Алкогол ичим. колдонгон үчүн | Наркот. колдон. үчүн | Тамеки колдон. үчүн | мушташ үчүн | рэкет | уурулук | Газ балон,бычак, жана башка зыян келтирген буюмдарды алып келгендиги үчүн |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 10 | 9 | – | – | | – | 1 | – |

Тарбиялоого оор болгон , сабакка көңүлү жок, сабакты көп калтырган окуучуларды жана мектеп ЖӨИ каттоосунда турган окуучуларды өзүнүн кызыгуусуна карап, мектеп ичиндеги ийримдерге тартуу жүргүзүлгөн. Жалпы мектепте ийримдер чет тили, орус тили, спорт жана эстетика багытында ийримдер иш алып барышат . Жогоруда аты аталып кеткен окуучулар ийримге тартылышкан.

.

**2021-2022-окуу жылында мектептин окуучуларынын социалдык абалы такталып, толуктоолор киргизилип, төмөнкү тизме түзүлдү:**

| Социалдык абал | саны | Социалдык абал | саны |
|---|---|---|---|

| | | | |
|---|---|---|---|
| Толук жетим | 3 | Ата-энеси майып | 5 |
| Жарым жетим | 149 | Өгөй ата,апа менен жашаган балдар | 37 |
| Аз камсыз үй бүлө | 9 | Майып окуучу | 16 |
| Толук эмес үй бүлө | 334 | Иштеген окуучу | 12 |
| Сырткы мигрант | 43 | Хиджаб кийгендер | 23 |

**Кесипке багыт берүү**

Кесиптик билим берүү боюнча мектеп шаарыбыздагы жогорку окуу жайлары менен тыгыз байланышта иш жүргүздү. Мектепке атайын орто билим берүү окуу жайлары жана жогорку билим берүү жайлары мисалга КТУ, ЭАУ, ИСИТО, Чүй университеттеринен өкүлдөрү келип бүтүрүүчү класстар менен жолугушуу өткөрүштү. Окуучулар кенен маалымат алуу бирге эле кызыккан суроолоруна жооп алышты.

**Экологияга тарбиялоо. Айлана – чөйрөнү коргоого тарбиялоо**

Ар ишембиде мектепте ишембилик өткөрүлүп, айлана-тегеректи тазалоо иштери жүргүзүлүүдө. "Жашыл мектеп-94" аталышында ишембилик өткөрүлүп 9-11-класстын бүтүрүүчүлөрү мугалимдер жамааты жана администрация катышып, бактар отургузулду.

**Коррупцияга каршы күрөшүү**

Коррупцияга каршы күрөшүү боюнча мектеп директору атайын буйрук чыгарып, мектеп жамаатына тааныштырылып, кол коюлду.

"Коррупция балдардын көз карашында" деген темада класстык сааттар өтүлдү.

**Балдардын укугун коргоо**

22-ноябрдан 22-декабрга чейин "Баланын укутары жана милдеттери" жана ошондой эле жалпы адам укуктарын тааныту максатында тарбиялык сааттар өткөрүлдү. Жогорку класстардын катышуусунда атайын дебат өттү. Дебатта адам укутары жөнүндө кенен маалыматтар берилип, абдан кызуу талкуу өттү.

1-июнь "Балдарды коргоо" күнүндө мектептин окуучулары Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан уюштурулган парадка басышты.Окуучулар улуттук кыргыз көйнөктөрү жана спорттук кийимдер менен катышышты.

**Зомбулуксуз мектеп**

7-декабрда "Балдарды коргоо борборунун " алкагындагы "Илимдеги кыздар" долбооруна катышып, окуп жаткан окуучу кыздарыбыз "Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулукка каршыбыз!" деген темда театралдаштырган сценка коюшту. Иш-чарага ата-энелер катышып, талкуу жүрдү.

**Тарбиялык иштерди уюштуруунун көпчүлүк бөлүгү класстан тышкаркы иштер аркылуу жүзөгө ашырылат.**

21-февраль “Эне тил күнү” нө карата атайын мелдеш уюштурулду. Мелдештин уюштуруучулары жана катышуучулары кыргыз, казак, өзбек, азербайжан, корей, түрк, англия элдеринин тилинде сүйлөп, улуттук каада –салттарын, кийимдерин көргөзмө кылып тааныштырып мыкты деңгээлде өткөрүштү.

25-апрелде 11-класстын окуучулары “Балдар үйүнө” азык-түлүк алып барып беришти

14-майда “Мугалим –билим булагы”, “Ата-эне жашоо чырагы” иш-чара өттү. Иш-чарага шаардык кеңештин депутаты Салымбеков Жумабек, Бишкек шаарынын мэриясынын Свердлов району боюнча МАнын аппарат жетекчиси Кожомкулов А.У , МАБдын аксакалдар сотунун төрайымы Төрөжанова М. 21 МАБдын кызматкерлери, маала башчылар, аксакалдар сотунун мүчөлөрү жана ата-энелер катышышты. Иш-чара концерттик программа менен коштолуп мектепте иш алып барган ийрим жетекчилери, окуучулар, ата-энелер жана конуштун жашоочулары өз өнөрлөрүн тартуулашты.

9-июнь “Акыркы коңгуроо” майрамдык иш-чарасы өттү. Иш-чарада 9-11-класстын бүтүрүүчүлөрү жана 1-класстын окуучулары майрамдык концерт тартуулашты. Мектептин “Эдельвейс” бий ансамбли өзүнүн репертуарынан мыкты бийлерин тартуулашты. Андан соң 11-класстын жана 1-класстын мыкты окуган окуучулары коңгуроо кагышып, салтанатту иш-чараны жабышты.10-июнда мектеп окуучулары жайкы каникулга тарашты.

11-июндан баштап мектепте аз камсыз үй-бүлөлөрдүн балдарына атайын мамлекет тарабынан уюштурулган акысыз лагерь өз ишин баштады. Лагерге 1-4-класстын окуучулары катталып, 9-июлга чейин келип жатышты. Лагердин аты “Алтын-Балалык” деп аталып, жетекчиси башталгыч класстын мугалими Карыпбаева Гүлзат шайланды. Лагердин топ башчылары болуп башталгыч класстардын мугалимдери дайындалды. Лагерде ар куну ар кандай программа менен иш-чара өткөрүлүп, спорттук оюндар ойнотулду. 9-июлда лагердин жабылуу аземи өттү. Активдүү окуучуларга грамоталар тапшырылды.

Мамлекеттик бүтүрүү экзамендери 9-11-класстын окуучулары үчүн 11-июндан башталып, 23-июнда аяктады. 5-июлда 9-класстын бүтүрүүчүлөрүнө, 7-июлда 11-класстын бүтүрүүчүлөрүнө атайын күбөлүк жана аттестаттар тапшырылды.